**Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин**
**2026-жылдын 1-январына карата эркин калдыктын эсебинен акча каражатын бөлүү боюнча**
**Балыкчы шаардык Кеңешине кайрылууга**
**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

**1. Максат жана милдет**

Негизги максаты жана милдети – Балыкчы шаарынында жана калктуу конуштарында социалдык маселе болгон мектепке чейинки билим беруужана жалпы билим берүү багытында калкка кызмат көрсөтүүнүнүн сапатын жакшыртуу жана бул багытта шарт түзүү болуп саналат.

**2. Баяндоочу бөлүк**

**__№1 маселе:__** 2025-жылга карата сунушталган дем берүүчү гранттардын эсебинен каржылануучу үч долбоор жүйөлүү себептер менен республикалык бюджеттен каржыланбай калгандыгына байланыштуу, 2026-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджеттин эркин калдыгынын эсебинен **7442,3 миң сом** акча каражатын чечип берүү боюнча:

Балыкчы шаарынын мэриясы тарабынан 2025-жылга карата (Үлүштүк) дем берүүчү гранттарды долбоорлоонун алкагында социалдык объекттерди капиталдык оңдоо-түзөөдөн өткөрүү боюнча долбоорлор иштелип чыгып, белгиленген тартипте конкурстар жарыяланган. Төмөнкү объекттер боюнча конкурс өткөрүү каралган:

Балыкчы шаарынын №4 З. Исаева атындагы жалпы билим берүү мектебинин имаратын капиталдык оңдоо-түзөөдөн өткөрүү долбооруна 2 007,4 миң сом;

Балыкчы шаарынын №6 С. Каралаев атындагы жалпы билим берүү мектебинин имаратын капиталдык оңдоо-түзөөдөн өткөрүү долбооруна 2 434,9 миң сом;

Балыкчы шаарынын № «Жомок» бала бакчасынын имаратын капиталдык оңдоо-түзөөдөн өткөрүү долбооруна- 3 000,0 миң сом;

Жогоруда көрсөтүлгөн объекттер боюнча сметалык эсептөөлөр жана дефекттик актылар толук көлөмдө түзүлгөн.

2025-жылдын 29-апрелинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Балыкчы шаардык финансы бөлүмү менен тиешелүү макулдашуу түзүлгөн.

2025-жылдын 5-июнь күнү мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу конкурс жарыяланып, 2025-жылдын 20-июнь күнү портал ачылган. Конкурска 1 (бир) подряддык уюм - ОсОО «Империя» катышкан. Тендердик комиссия тарабынан конкурстун жыйынтыгы 2025-жылдын 18-июль күнү аныкталган.

Бирок 2025-жылдын 14-июль күнү Балыкчы шаарынын мэриясында башкармалык алмашкандыгына байланыштуу, 2025-жылдын 11-сентябрындагы №485 тескеме менен мурда кабыл алынган чечим жокко чыгарылган.

Конкурстук процедура жокко чыгарылгандыгына жана иштерди өз убагында аткаруунун зарылдыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык подрядчы уюм менен түздөн-түз келишим түзүү (прямым заключением) чечими кабыл алынган.

Анын негизинде, 2025-жылдын 19-сентябрында белгиленген тартипте «Кыргыз Сервис Строй» компаниясы менен түздөн-түз келишим түзүлгөн.

Тактап айтканда конкурстук процедуранын жокко чыгарылышын, долбоорлордун ишке ашырылуу тартибинин өзгөрүшүн жана түздөн-түз келишим түзүү чечиминин кабыл алынышын жана аба ырайынын кескин өзгөрүшү терс таасир тийгизгендигин эске алуу менен, Балыкчы шаарынын мэриясы 2025-жылга карата каралган (Үлүштүк) дем берүүчү гранттардын каражаттарынан пайдалануу мүмкүн болбой калган.

Жогоруда баяндалган жагдайларды эске алуу менен, (Үлүштүк) дем берүүчү гранттардын эсебинен республикалык бюджеттен Балыкчы шаары боюнча 9,0 млн сомго каржылануучу 3 долбоордон баш тартуу боюнча 2025-жылдын декабрь айында №01-19/9252 каты менен Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигине жана кайрадан 2026-жылдын 15-январында №01-12/72 каты менен кайрадан кайрылуу жөнөтүлгөн.

Ошол эле учурда, аталган долбоорлор боюнча подрядчы менен жалпы 14 519,8 миң сом акча каражатына келишим түзүлүп, келишимдин шарттарына ылайык, 7 077,5 миң сом өлчөмүндөгү акча каражатына тиешелүү оңдоп-түзөө иштери аткарылып, учурда калган иштерди бүткөрүү улантылып жатат.

**<u>№2 маселе:</u>** Балыкчы шаарынын Көк-Мойнок -1 калктуу конушуна 80-100 орундуу заманбап бала бакча куруу боюнча долбоорун **68 155,4 миң сом** өлчөмүндөгү эркин калдык суммасынын эсебинен ишке ашыруу боюнча:

Балыкчы шаарынын калктуу конуштарынын бири болуп саналган Көк-Мойнок -1 калктуу конушунда бүгүнку күндө 2000ден ашык туруктуу жашоочу жашайт. Аталган айылда мектепке чейинки билим берүү мекеме жок болгондуктан, калктуу конуштун тургундары бала- бакчага балдарын Балыкчы шаарына алып келүүгө муктаж. Учурда Балыкчы шаары жана калктуу конуштары боюнча жалпы мектепке чейинки билим берүү мекемелерине (бала бакчага) 657 бала электрондук кезекте турат.

Кок-Мойнок -1 калктуу конушуна аталган 80-100 орундуу заманбап бала бакчаныны курулушу төмөндөгүдөй жыйынтык берет:

- ✓ жалпы мектепке чейинки билим берүүдөгү электрондук кезектин азаят;
- ✓ калктуу конуштун мектепке чейинки жаш балдары бар жашоочуларына жакшы шарт түзүлөт;
- ✓ калктуу конуштун тургундарына Балыкчыга балдарын бала бакчага алып келүүдөгү көйгөйлөрү азайып, акча каражжаттары үнөмдөлөт;
- ✓ Көк-Мойнок -1 калктуу конушунда бала бакчаныны ачылышы менен туруктуу 20дан кем эмес жумушчу орундары түзүлүп, тургундар жумуш орду менен камсыз болот;

Учурда Балыкчы шаарынын Көк-Мойнок -1 калктуу конушуна 80-100 орундуу заманбап бала бакча куруга ылайыктуу жер аянты даяр жана мамлекеттик актысы алынган.

Аталган бала бакчаны куруу долбоорунун эскиздик долбоору жана долбоорлук сметалык иш кагаздары даярдалууда, тиешелүү комиссиянын отурумуна Балыкчы шаарынын мэриясыныны алдындагы "Муниципалдык мүлк башкаруу" муниципалдык ишканасы тарабынан тиешелүү иш кагаздары даярдалып берилет.

Балыкчы шаарынын
мэриясынын экономика ,
инвестиция жана
тышкы байланыштар
бөлүмүнүн башчысы А.Б. Иманканова